| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>БАКАЙ-АТА АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАКАЙ-АТИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**25.05.2026-ж** **№ 1** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата айыл аймагына караштуу Миң-Булак айылындагы №639- контурдагы 2,56 га айдоо жер участогун трансформациялоого (категориясын которууга) макулдук берүү жөнүндө**

Бакай-Ата айыл аймагына караштуу Миң-Булак айылындагы №639- контурдагы 2.56 га айдоо жер участогун трансформациялоого (категориясын которууга) макулдук берүү боюнча Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовдун маалыматын угуп талкуулап, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин жана Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамын жетекчиликке алып, депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 5-кезексиз сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл аймагына караштуу Мин-Булак айылында жайгашкан № 639- контурдагы аянты 2.56 га муниципалдык менчиктеги сугат айдоо жер участогун «Айыл чарба багытындагы жерлер» категориясынан « өнөр жай » жерлери категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.
2. Аталган жер аянтын которуу (трансформациялоо) жагы Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовго жүктөлсүн.

**Торага:** **Б. Джакыбалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**25.05.206-ж** **№ 2** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата айыл өкмөтүнө таштанды чыгаруучу автоунаа сатып алуу үчүн жергиликтүү бюджеттен 1416000( бир миллион төрт жүз он алты миң) сом акча каражаты өздүк салым катары бөлүп берүү жөнүндө.**

Бакай-Ата айыл өкмөтү жана ОАО "ТНК Шумкар" мекемеси ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык. Бакай-Ата айыл өкмөтүнө таштанды чыгаруучу автоунаа сатып алууга Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын бюджетинен өздүк салым катары 1416000( бир миллион төрт жүз он алты миң) сом акча каражатын бөлүп берүү боюнча Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн каржы-экономика боюнча бөлүмүнүн башчысы А.Тазабекованын маалыматын угуп талкуулап, депутаттардын Бакай-Ата айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 5-кезексиз сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл өкмөтүнө таштанды чыгаруучу автоунаа сатып алуу үчүн жергиликтүү бюджеттен 1416000( бир миллион төрт жүз он алты миң) сом акча каражаты өздүк салым катары бөлүнүп берилсин.
2. Бул токтомдун аткаруу жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн каржы-экономика жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы А.Тазабековага милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовго жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б. Джакыбалиев**

| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>БАКАЙ-АТА АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАКАЙ-АТИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

# ТОКТОМ

**11.06.2026-ж.** **№ 1** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата айылындагы Манас № 41б дарегинде жайгашкан жер 0.12 га жер аянтын Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикке алуу жөнүндө**

Бакай-Ата айылындагы Манас № 41б дарегинде жайгашкан жер 0.12 га жер аянтын Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикке алуу жөнүндө Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовдун сунушун угуп талкуулап, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы № 37 "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамын жетекчиликке алып, депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 6-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айылынын Манас көчөсү № 41б дарегинде жайгашкан, жалпы аянты 0.12 га түзгөн жер аянты Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине кабыл алынсын.
2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Бакай-Ата филиалынан жер участогуна укук берүүчү мамлекеттик актысын даярдап берүү жагы суралсын.
3. Бул токтомду көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айылдык кеңешинин « Жер, агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, архитектура, курулуш жана транспорт» боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткаруу жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовго жүктөлсүн.

Төрага: Б.Джакыбалиев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**11.06.2026-ж.** **№ 2** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата райондук прокуратурасына жаңы административдик имарат куруу үчүн алмашуу жолу менен жер тилкесин берүү жөнүндө**

Бакай-Ата райондук прокуратурасынын жаңы заманбап административдик имаратын курууга 0.12 га жер аянтын алмашуу жолу менен бөлүп берүү боюнча Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовдун сунушун жана Бакай-Ата райондук прокуратурасынын прокурору С.Айтбаевдин кайрылуусун карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексине, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» жана «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамдарын жетекчиликке алып, Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 6-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Бакай-Ата айылдык аймагынын Бакай-Ата айылынын Манас көчөсү № 41б дарегинде жайгашкан, жалпы аянты 0.12 га (миң эки жүз квадрат метр) болгон муниципалдык менчиктеги жер тилкеси Бакай-Ата райондук прокуратурасына жаңы административдик имарат куруу үчүн бөлүнүп берилсин.
2.Жогоруда көрсөтүлгөн 0.12 га жер тилкеси, Бакай-Ата райондук прокуратурасына караштуу Манас көчөсү № 32а дарегинде жайгашкан 0.07га жана Токтогул көчөсү № 4 дарегиндеги 0.07га жер тилкелерине алмашуу (мена) келишиминин негизинде өткөрүлүп берилиши белгиленсин.
3.Бул токтомду көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айылдык кеңешинин « Жер, агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, архитектура, курулуш жана транспорт» боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
4.Токтомдун аткарылышын жана участогун өткөрүп берүү жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовго жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б. Джакыбалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**11.06.2026-ж.** **№ 3** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата аялдар кеңешинин Уставын бекитүү жөнүндө**

Бакай-Ата айыл аймагынын аялдар кеңешинин төрайымы А.Дуйшенованын Бакай-Ата аялдар кеңешинин Уставын бекитүү жөнүндө маалыматын угуп жана Бакай-Ата айылдык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун карап талкуулап. Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө » Мыйзамын жетекчиликке алып. Бакай- Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 6-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Бакай-Ата аялдар кеңешинин уюштуруу чогулушу тарабынан жактырылган «Бакай-Ата аялдар кеңеши» коомдук бирикмесинин Уставы тиркемеге ылайык бекитилсин.
2.«Бакай-Ата аялдар кеңешинин» жетекчилигине (төрайымына) бекитилген Уставды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы сунушталсын.
3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айылдык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б. Джакыбалиев**

Бакай-Ата айылдык кеңешинин
2026-жылдын [illegible]
№3 токтому менен бекитилген

# Бакай-Ата айылдык аялдар кеңешинин

# УСТАВЫ

1. **Жалпы жоболор**

1.1. Бакай-Ата айылдык аялдар кеңеши (мындан ары — Кеңеш) Бакай-Ата айыл аймагындагы аялдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, алардын коомдук-саясий, экономикалык жана маданий турмушка активдүү катышуусуна көмөктөшүү максатында түзүлгөн ыктыярдуу, өкмөттүк эмес, коомдук уюм болуп саналат.

1.2. Кеңеш өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясын, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамын, аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын четтетүү жөнүндө эл аралык конвенцияларды жана ушул Уставды жетекчиликке алат.

1.3. Кеңеш өз ишин айыл өкмөтү, жергиликтүү кеңештин депутаттары, аксакалдар соту, жаштар уюмдары жана башка коомдук бирикмелер менен тыгыз байланышта, өз ара түшүнүшүү жана өнөктөштүк принциптеринде жүргүзөт.

**2. Кеңештин максаттары жана милдеттери**

2.1. **Кеңештин негизги максаты:** Айылдагы аялдардын коомдогу ролун жогорулатуу, үй-бүлө институтун бекемдөө, энеликти жана балалыкты коргоо, гендердик теңчиликти камсыз кылууга көмөктөшүү.

2.2. **Кеңештин негизги милдеттери:**

- Айыл аймагындагы кыз-келиндердин укуктарын коргоо, аларга укуктук, социалдык жана менталдык (психологиялык) көмөк көрсөтүү;
- Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун жана аялдарга карата кысым көрсөтүүлөрдүн алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
- Эрте никеге туруу, кыздардын билим алуудан четтеп калуусу сыяктуу терс көрүнүштөр менен күрөшүү;
- Айылдык аялдар арасында ишкердүүлүктү (кол өнөрчүлүк, чакан бизнес, тигүүчүлүк ж.б.) өнүктүрүүгө жана жаңы жумуш орундарын түзүүгө көмөктөшүү;
- Жаш үй-бүлөлөргө кеңеш берүү, улуттук каада-салттарды, энелик мээримдүүлүктү жана адеп- ахлакты жайылтуу;
- Сергек жашоо образын, маданиятты жана спортту аялдар арасында өнүктүрүү (конкурстарды, спорт ийримдерди, спартакиадаларды уюштурууга көмөктөшүү).

**3. Кеңештин укуктары жана милдеттенмелери**

3.1. **Кеңеш төмөнкүдөй укуктарга ээ:**

- Айылдык маанидеги маселелерди чечүүдө, өзгөчө аялдардын жана балдардын кызыкчылыктарына тиешелүү чечимдер кабыл алынып жатканда жергиликтүү кеңешке жана айыл өкмөтүнө сунуштарды киргизүү;

- Коомдук талкууларды, тегерек үстөлдөрдү, семинарларды жана маданий-массалык иш-чараларды уюштуруу;

- Кыйын кырдаалга туш болгон (жалгыз бой энелер, көп балалуу үй-бүлөлөр, майыптыгы бар аялдар) айымдардын тизмесин түзүү жана аларга материалдык /социалдык жардам көрсөтүүнү демилгелөө.

3.2. **Кеңеш төмөнкүлөргө милдеттүү:**

- Өз ишмердүүлүгүндө айкындуулук жана мыйзамдуулукту сактоого;
- Аткарылган иштер тууралуу айыл тургундарынын жалпы жыйынында (же айыл өкмөтүнүн алдында) жылына кем эмес бир жолу отчёт берүүгө.

**4. Кеңештин түзүмү жана уюштуруу тартиби**

4.1. Кеңештин курамы айылдагы активдүү, демилгелүү жана кадыр-барктуу аялдардан (мугалимдер, дарыгерлер, ишкерлер, баатыр энелер ж.б.) куралат.

4.2. Кеңештин мүчөлөрү айыл тургундарынын (же айылдык аялдардын) жалпы жыйынында 5 (беш) жылдык мөөнөткө шайланат.

4.3. Кеңештин мүчөлөрү өз ара ачык добуш берүү менен Кеңештин Төрайымын жана анын орун басарын, катчысын шайлашат.

4.4. **Кеңештин Төрайымы:**

- Кеңештин ишин жетектейт жана уюштурат;
- Мамлекеттик органдарда, айыл өкмөтүндө жана башка уюмдарда айылдык аялдардын атынан өкүлчүлүк кылат;
- Кеңештин жыйындарын чакырат жана ага төрагалык кылат.

4.5. Кеңештин жыйындары муктаждыкка жараша, бирок бир кварталда кем эмес бир жолу өткөрүлөт. Чечимдер кеңеш мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

**5. Каржылоо жана мүлк**

5.1. Кеңеш коомдук башталышта иш алып барат.

5.2. Кеңештин иш-чараларын каржылоо төмөнкү булактардан жүргүзүлүшү мүмкүн:

- Жергиликтүү бюджеттен (айыл өкмөтү тарабынан бекитилген социалдык долбоорлор аркылуу);
- Демөөрчүлөрдүн, ишкерлердин жана эл аралык уюмдардын (гранттар) ыктыярдуу жардамдарынан;
- Кайрымдуулук акцияларынан түшкөн каражаттардан.

**6. Уставды өзгөртүү жана Кеңештин ишин токтотуу**

6.1. Бул Уставга өзгөртүүлөр жана толуктоолор айылдык аялдардын жалпы жыйынында мүчөлөрдүн 2/3 добушу менен киргизилет.

6.2. Кеңештин ишмердүүлүгү жалпы жыйындын чечими же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте токтотулат (жоюлат).

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**11.06.2026-ж.** **№ 4** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2027-2028-2029- жылдарга түзүлгөн жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн болжолдуу долбоорун бекитүү жөнүндө**

Бакай-Ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2027-2028-2029- жылдарга түзүлгөн жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн болжолдуу долбоорун бекитүү боюнча Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн каржы-экономика боюнча бөлүмүнүн башчысы А.Тазабекованын маалыматын угуп талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Бюджеттик кодекс» мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын негизинде, Бакай-Ата айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу жана алдыдагы үч жылдык мезгилге бюджеттик процессти пландоо максатында, депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 6-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2027-2028-2029- жылдарга карата жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн болжолдуу долбоору жалпысынан төмөнкүдөй бекитилсин:
   - 2027-жылга кирешелердин жалпы көлөмү — 70150,3 миң сом;
   - 2028-жылга кирешелердин жалпы көлөмү — 71958,5 миң сом;
   - 2029-жылга кирешелердин жалпы көлөмү — 73820,9 миң сом.
2. Бакай-Ата айыл аймагынын өкмөтүнүн 2027-2028-2029- жылдарга карата жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн болжолдуу долбоору Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Бакай-Ата финансы башкармалыгына сунушталсын.
3. Токтомду аткаруу жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн каржы-экономика боюнча бөлүмүнүн башчысы А.Тазабековага милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айылдык кеңешинин бюджет, финансы, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыштар маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б. Джакыбалиев**